**«Майлуу-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомдун долбооруна негиздеме-кат**

Майлуу-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын курамында 12 мүчө бар, анын ичинен 3 мүчө саясий партиялардан өкүдөрү («Ата-Мекен», «Ынтымак», «Замандаш», «Народное Собрание Кыргызстана»), 9 мүчө – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан, Майлуу-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын резервинде 20 адам турат, баардыгы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан.

Майлуу-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү Жалилов Кадырали Эргешович, Дарманов Кудайберди Мамытович, Тургунбаева Ширинкан Мадановна, Нажмидинова Нургул Айдарбековна Майлуу-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын курамынан чыгаруу жөнүндө арыздарынын негизинде Майлуу-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталууда:

- «Ынтымак» саясий партиясынан көрсөтүлгөн Жалилов Кадырали Эргешович, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан көрсөтүлгөн Дарманов Кудайберди Мамытович, Тургунбаева Ширинкан Мадановна, Нажмидиновна Нургул Айдарбековна комиссиянын курамынан чыгарылсын;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Маматназаров Эргешбай Маматумарович, Кочибеков Эмирбек Раимжанович, Чолпонова Гулзина Ташиевна, Шакулиева Айжамал Осмонжановна резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

Бул өзгөртүүлөрдүн негизинде, шайлоо комиссиясынын курамында саясий партиялардан 2 өкүл, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан 10 өкүл болот. Резервде 16 адам турат, баары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан көрсөтүлгөн.

Резервден шайлоо комиссиянын курамына киргизилген талапкер тууралуу кыскача маалымат:

Маматназаров Эргешбай Маматумарович 20.07.1964-жылы туулган Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналат, билими жогорку, №8 орто мектебинде мугалим, соттуулугу жок.

Кочибеков Эмирбек Раимжанович 19.11.1994-жылы туулган Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналат, билими орто, убактылуу иштебейт, соттуулугу жок.

Чолпонова Гулзина Ташиевна 18.03.1976-жылы туулган Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналат, билими жогорку, шаардык билим берүү бөлүмүндө эсепчи, соттуулугу жок.

Шакулиева Айжамал Осмонжановна 04.11.1984-жылы туулган Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналат, билими орто, шаардык билим берүү бөлүмүндө эсепчи, соттуулугу жок.

Борбордук шайлоо комиссиясынын 22.08.2024-жылы №102 токтому менен Маматназаров Эргешбай Маматумарович, Кочибеков Эмирбек Раимжанович, Чолпонова Гулзина Ташиевна, Шакулиева Айжамал Осмонжановна Майлуу-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын резервине жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан киргизилген.

Маматназаров Эргешбай Маматумарович, Кочибеков Эмирбек Раимжанович, Чолпонова Гулзина Ташиевна, Шакулиева Айжамал Осмонжановна шайлоо мыйзамдарынын ченемдеринин талаптарына ылайык келет.